**Тесттин үлгүсү:**

Туура келген жөндөмө мүчөсүн улаңыз: К.Баялинов 1902-жылы Ысык-Көл районундагы Көк-Мойнок айылында орто дыйкан… үй-бүлөсүндө туулган.

да

дын

те

дан

**Ушул тапшырмага тиешелүү бардык тесттик варианттар төмөндөгү тексттин негизинде түзүлгөн. Ошол себептен тексттин ар бир сүйлөмүн жөндөмө категориясына карата талдап чыгуу керек.**

**Грамматикалык материал:**

**Зат атоочтун жөндөмө категориясы**

Сүйлөм ичинде сөздөрдүн байланышын, жөнүн, катышын көрсөтүп турган -нын, -га, -ны, -да, -дан мүчөлөрү жөндөмө мүчөлөр деп аталат. Ушул мүчөлөрдүн грамматикалык маанисин белгилөө үчүн алынган сөз жөндөмө деп аталат. Кыргыз тилинде 6 жөндөмө бар: атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш,

| Аталышы | Суроолору | Мүчөлөрү |
|---|---|---|
| Атооч | ким?<br>эмне?<br>кимдер?<br>эмнелер? | - |
| Илик | кимдин?<br>эмненин? | үндүүлөр менен аяктаса: -нын, -нин, -нун, -нүн;<br>жумшак үнсүздөр менен аяктаса: -дын, -дин, -дун, -дүн;<br>каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: -тын,-тин, -тун, -түн; |

| | | |
|---|---|---|
| Барыш | кимге?<br>эмнеге?<br>кайда?<br>каякка? | үндүүлөр жана жумшак үнсүздөр менен аяктаса: -га, -ге, -го, -гө; каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: -ка,-ке, -ко, -кө;<br>I, II жактын жак таандык мүчөлөрүнөн кийин келсе: -а, -е, -ө),<br>III жактын жак таандык мүчөлөрүнөн кийин келсе: -на, -не,-нө |
| Табыш | кимди?<br>эмнени?<br>каерди? | Үндүүлөр менен аяктаса: -ны, -ни, -ну, -нү; Жумшак үнсүздөр менен аяктаса: -ды, -ди, -ду, -дү; каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: -ты,-ти, -ту, -тү; I, II жактын жак таандык мүчөсү менен аяктаса -ды, -ди, -ду, -дү III жактын жак таандык мүчөсү менен аяктаса –н |
| Жатыш | кимде?<br>эмнеде?<br>кайда?<br>каерде? | Үндүүлөр жана жумшак үнсүздөр менен аяктаса: -да, -де, -до, -дө; каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: -та,-те, -то, -тө; I, II жактын жак таандык мүчөсү менен аяктаса -да, -де, -дө; III жактын жак таандык мүчөсү менен аяктаса –нда,-нде,-ндө |
| Чыгыш | кимден?<br>эмнеден?<br>кайдан?<br>каерден? | Үндүүлөрдөн жана жумшак үнсүздөрдөн кийин келсе: -дан, -ден, -дон, -дөн; Каткалаң үнсүздөрдөн кийин келсе: -тан,-тен, -тон, -төн; III жактын жекелик таандык мүчөсүнөн кийин келсе: -д(-ан), -д(-ен), -д(-он), -д(-өн);<br>III жактын жак таандык мүчөсүнөн кийин келсе: -нан, -нен, -нөн. |

**Текст:**

**К. Баялинов**

Касымалы Баялинов 1902-жылы Ысык-Көл районундагы Көк-Мойнок айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Эки жашында энесинен, тогуз жашында атасынан ажырап, жетим калат. Үркүндө эл менен бирге Кытайга качып, кайра эл менен эки инисин

ээрчитип мекенге кайтат. Жолдо бир иниси ачкачылыктан каза табат. Жетишсиз жетимдик турмуш Касымалыны бир топ сынайт. Адегенде, Ат-Башыга жетип, андан соң инисин Токмокко алып келип, балдар үйүнө өткөрүп, өзү орус, өзбек кулактарына малай болуп күн өткөрөт. Кыргыз профессионал адабиятынын түптөлүшү белгилүү жазуучу К.Баялиновдун ысымы менен тыгыз байланыштуу. Ал бардык акын-жазуучулардай эле ырдан баштайт. Анын: ″Жетер бекем максатка", "Биз ким элек, ким болдук?" деген ырлары, "Жетилген жетим", "Мурат", ″Бактылуу жылкычы", ″Курман жылга", ″Ажар", ″Көл боюнда", "Эсиң барда этегиңди жап", "Түлкү менен суур", " Чабалекей менен жылан" аттуу аңгеме, повесттери, "Боордоштор" аттуу романы калктын сүйүп окуган чыгармаларына айланган. Айрыкча, "Ажар" повести жазуучунун өз жону менен сезип, көрүп келген үркүндү көз алдыңа тартат. Повесттеги Ажар менен анын энеси Батманын образы аркылуу үркүнгө  байланыштуу кыргыз элинин азаттык үчүн болгон күрөшүн, кыргыз аялдарынын тагдырын кенен ачып бере алган. "Ажар" повести орус, азербайжан, өзбек, англис, немец, француз, чех тилдерине которулган. К.Баялинов кыргыз көркөм котормосуна алгачкылардан болуп из салган. Анын калеминен жаралган туңгуч котормо  М.Ю.Лермонтовдун "Үч курман" аттуу ыры. Анын соңунан М. Горькийдин "Макар Чудра" аңгемеси кыргызчаланып, 1927-жылы жарык көргөн. Эң көрүнүктүүсү А.С.Пушкиндин "Евгений Онегин" романы 1941-жылы которулган.